**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Кызыл-Кыя шаардык кенешинин XV сессиясы
(VIII чакырылыш)

# ТОКТОМ

2025–жылдын 09-октябры № 15/57 Кызыл-Кыя шаары

**Кызыл-Кыя шаарында маданият жана спорт тармактары боюнча жүргүзүлгөн иштер жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесине жана шаардык кеңештин Социалдык өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо, билим берүү, жаштар саясаты, маданият, миграция, жумушсуздук, спорт жана туризм маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 24-сентябрындагы №7 протоколуна негиз, Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын аппарат жетекчиси Т.Алимбекованын 2025-жылдын 22-августундагы №01-14/3099 катын жана Кызыл-Кыя шаардык дене тарбия жана спорт секторунун башчысы А.Таштемировдун 2025-жылдын 27-августундагы №01-08/59 каттарын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл–Кыя шаардык маданият бөлүмүнүн башчысы А.Тажибаевдин маалыматы эске алынсын жана милдеттендирилсин:

- маданият тармагына караштуу мекемелердин 2025-2026 жж күз-кыш мезгилине даярдыгын камсыздоо жана аларды өз убагында көмүр менен камсыз кылуу;
- шаардагы клубдардын жана китепканалардын иштерин активдештирүү жана аларды интернет байланышы менен камсыз кылуу багытында иштерди жүргүзүү жагы;
- шаардын жергиликтүү бюджетинен маданият тармагын өнүктүрүүгө бөлүнгөн акча каражаттарын максаттуу пайдалануу менен маданият тармагында өткөрүлүүчү ар түрдүү областык жана республикалык кароо-сынактарга, иш чараларга катышууну камсыз кылуу жагы;
- жаштардын маданиятын туура калыптандыруу максатында тарбиялык жактан маанилүү иш-чараларды байма-бай өткөрүү жана аларды жергиликтүү ММКлар аркылуу чагылдыруу;
- шаардык музейдин экспонаттарынын сакталуусуна кам көрүү жана алардын санын көбөйтүү, китепканалардын фондун көбөйтүү боюнча иш-чараларды жүргүзүү жагы.

2. Кызыл–Кыя шаарынын дене тарбия жана спорт секторунун башчысы А.Таштемировго милдеттендирилсин:

- жаштар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу, улуттар аралык мамилелерди чыңдоо максатында билим берүү бөлүмү менен биргеликте тренингдерди, тегерек столдорду уюштуруу жагы;

- жергиликтүү жана республикалык бюджеттен спорт тармагын өнүктүрүүгө бөлүнгөн акча каражаттарын максаттуу пайдалануу менен спорт тармагында өткөрүлүүчү ар түрдүү областык жана республикалык кароо-сынактарга, иш чараларга катышууну камсыз кылуу жагы;
- спорттук залдардын спорт каражаттары менен камсыз болуусуна жетишүү;
- жаш спортчулардын областык, республикалык жана эл аралык турнирлерге катышуусуна шыктандыруу максатында жаштарды спортко тартуу, түрдүү спорттук мелдештерди уюштуруп өткөрүү жана аларды сыйлыктарга көрсөтүү жагын колго алуу.

3. Бул токтом мыйзамда каралган тартипте катталсын жана Кызыл-Кыя шаардык кенешинин kyzyl-kiya.gov.kg сайтына жарыялансын.
4. Токтом жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин Социалдык өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо, билим берүү, жаштар саясаты, маданият, миграция, жумушсуздук, спорт жана туризм маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Аматов**